**Кара-Бак айыл өкмөтүнүн аппараттык чогулушунун Протоколу№**

Кара-Бак айылы 17-июнь 2025-жыл

Аппараттык чогулуштун төрагасы - Б.Козубаев

Чогулуштун катчысы - Н.Мамазакирова

Катышкандар:Аппарат кызматкерлери жана КААБнун төрагасы.

**Күн тартибиндеги маселе:**

1.Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-январындагы "Баткен облусунун аймагында аткезчиликке каршы күрөшүүнү күчөтүү боюнча кошумча иш-чаралардын планын бекитүү жөнүндөгү" №25-т тескемесинин негизинде аткезчиликке каршы күрөшүү жана алдын алуу жөнүндө.

2.Баткен районунун прокуратурасынын КРнын Президентинин 05.06.2024-жылдагы №137 "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу жөнүндө.

3.Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 4-майындагы "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндөгү" №67 Мыйзамынын аткарылышын кароо жөнүндө.

4.Ар түрдүү маселелер.

Кара-Бак айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Козубаев жыйынды ачып, күн тартибиндеги маселе менен тааныштырып, кошумча каралуучу маселелер болсо сунуштоо жагын белгилеп, төмөнкүлөргө токтолду: Өзүңүздөргө белгилүү болгондой, бүгүнкү күндө аткезчиликке каршы күрөшүү жана алдын алуу боюнча талаптар күчөтүлүп жатат. Төрт –Гүл айыл өкмөтүнүн Кошмоло багытында мобилдик топ өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет. Аткезчиликтин алдын алуу боюнча элдерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн. Айыл өкмөтүнүн деңгээлинде комиссиянын курамы буйрук менен бекитилсин. Айыл аймагына кирген мал жандыктар каттоого алынсын. Мындан сырткары, базарда сатылган, башка районго өткөрүп берилген жана жоголуп кеткен мал жандыктарга тактама маалым кат берилсин, биркаларын көзөмөлдөө иш-чаралары күчөтүлсүн. Мал жандыктарды, товарларды алып жүрүүчү жарандардын көрсөтүлгөн дарегине түшүүсүн көзөмөлгө алып, 1 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен каттоого жана карантинге алуу уюштурулсун.

**Экинчи маселе:** Баткен районунун прокуратурасынын КРнын

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Козубаев Б.Т.

Президентинин 05.06.2024-жылдагы №137 “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун 2025-жылдын 25-февралындагы 20-Б сандуу буйругу менен бекитилген 2025-2027-жылдарга коррупцияга каршы мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы жана Кыргыз Републикасынын Башкы прокурорунун 25.02.2025-жылдагы “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегиясын ишке ашырууга кошумча чаралар жөнүндө” №12-К көрсөтмөсүн аткаруу жөнүндө коопсуздукту жана укуктук тартипти камсыз кылуу боюнча Координациялык кеңешмесинде Баткен районунун прокурору маалымат берди.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жапаров “Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен баарыңыздар таанышсыздар. Коррупцияга жол бербей, ар бир кызматкер өз милдетиңерди так туура аткаргыла деп баса белгилеп өттү.

**Үчүнчү маселе:** Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 4-майындагы “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндөгү” №67 Мыйзамынын аткарылышын кароо жөнүндө ар бир кызматкер жарандарды кабыл алып, маселелерин жеринде чечүү иш чаралары жүргүзүлсүн. Келген каттарга өз убагында так жана туура жооп берилсин.Ар бир кызматкер өз кызматтык милдетинерди так аткаргыла. Өз милдетинерди так аткарбагандыгынар үчүн жарандардын нааразычылыгы туулуп жатат.

Мындан ары кеткен кемчиликтерди кайра кайталабоо, көнүл кош мамиле жасабай белгиленген мөөнөтүндө протоколдошдуруп, аткарылган иштерди ар бир жооптуу кызматкер жоопкерчиликтүү мамиле кылуу керектигин белгилеймин. Өз убагында арыздарга, каттарга жооп бербеген кемчилик кетирген кызматкерлерге чара көрүлө тургандыгын баса белгиледи.

**Төртүнчү маселе:**Жумушка өз убагында келүү жагы сакталсын. Жумушка уруксатсыз келбеген кызматкерлерге чара көрүлсүн.Жумуш башталган учурда баардык кызматкерлер келгендиги тууралуу каттоо журналга кол коюлсун.Аткаруучулук тартиби сакталсын(маалымат так, далилдүү жана жеткиликтүү жазылсын) ички эмгек тартиби жана дресскод сакталсын.

Кызуу талкуу жүрүп, жыйын суроо жооп менен аяктады.

Жыйындын соңунда, отурумдун төрагасы айыл өкмөт башчы Б.Козубаев:

Аткезчиликтин алдын алуу жана болтурбоо үчүн жер жерлерде түшүндүрүү иштери такай жүргүзүлсүн.

-Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 4-майындагы №67 “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Мыйзамын өз убагында аткаруу.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары, Мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан кабыл алынган токтом, буйруктарын турмушка ашыруу боюнча иш алып баруу жагын ар бир кызматкер жооптуу мамиле кылууга чакырды.Аппараттык чогулуш өз ишин жыйынтыктады.

Чогулуштун төрагасы: Б.Козубаев

Чогулуштун катчысы: Н.Мамазакирова

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Козубаев Б.Т.